Мукамбетова А.С.

КМЮА.

## КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУ ИННОВАЦИЯЛООНУН ЗАРЫЛДЫГЫ

Азыркы мезгилде коомдук-социалдык, ошондой эле окуучулардын психологиялык талаптарына ылайык орто мектептерде бардык предметтер боюнча билим берүү кандайдыр бир деңгээлде жаңылануусу керек болуп турат. Сыртынан алганда, орто мектепте кыргыз тили боюнча окутулган сабактар башка предметтерден кем калбагандай, баары эле ойдогудай көрүнөт. Бирок учурдагы кыргыз тилине карата коомдук-социалдык керектөө жана талаптардан кыргыз тили боюнча сабактарды караганда орто мектептин бардык класстарында берилип жаткан билим жаштарды, мектеп окуучуларын канааттандыра албай жаткандыгын ачык байкоого болот. Кыргыз тилине карата коомчулуктун талабы күн сайын жогорулап баратканы менен, андай керектөөнү берүү кызыкчылыгы орто мектептин базасында анча жолго коюлбай жатат [1]. Кыргыз тилин учурдун керектөөсүнө карата окутуу иштеринде кездешип жаткан мындай кемчиликтерди айрым адамдар социалдык-экономикалык абалга байла-ныштырып караша, кээ бир адис окумуштуулар анын себептерин окутуунун ык-усулдары мезгилдин талаптарына туура келбей жаткандыгы менен түшүндүрүүгө аракеттенишүүдө. Ырас, бул багытта айтылган көз караштар ар түрдүү болгону менен, алардын баары бир гана нерсеге келип токтолот. Тактап айтканда, келечек муундун кылымдап калыптанган кыргыз тилин толук үйрөнүп жана сактап калышына кайдыгер эмес бардык адамдар бул маселеге жооп берүүгө аракеттенип, өз көз караштарын мезгилдүү басма сөздөн, теле берүүдөн, радио уктуруулардан, ал тургай кичине-чоң жыйналыштардан билдирип, кыргыз тилин башталгыч класстардан тартып үйрөтүү иштерине көңүл бурушууда. Күн тартибинде турган *маселелердин бири* – орто мектепте башталгыч класттардан тартып *балдарды кызыктыруу багытындагы ык-усулдарды табуу – бүгүнкү күндүн кызыкчылыктарын канааттандыруу үчүн* зарыл болгон *окутуу жолдорун издөө* башка предметтердей эле кыргыз тилин окутууну зарылдыгына жараша жаңы ыкмада, жаңы жолдор менен инновациялоо болуп саналат.

Албетте, мындай кырдаалда өнүккөн өлкөлөрдүн билим берүү тармактарында натыйжага ээ болуп жаткан иш-тажрыйбаларды үйрөнүү, аларда кандай жагдайдан мамиле болуп жатканын аңдаштыруу, бизге окутуунун жаңычыл ыкмаларын, жолдорун жана формаларын колдонуп көрүү, айкындалган натыйжанын таасири менен маселени чечүүгө аракеттенүү зарыл-дыгын педагог-окумуштуулар өздөрү баса белгилеп жатышат [2]. Чынында, Кыргызстан өзүнүн өнүгүүсүн да мына ошол өнүккөн өлкөлөрдүн катарынан көрүү үчүн, биринчи кезекте, алардын жаштарга билим жана тарбия берүү багытындагы жетишкендиктерине жүр-гүзүү менен анда өлкө үчүн маанилүү болгон бардык окуу системасын талдоодон өткөрүп, жетекчиликке ала турган жагдайларды коомчулуктун алдына талкууга коюп, өзгөчө, балдардын билим алууга карата кызыкчылыгын ойгото алган андагы *окутуу ыкмаларын улуттук билим берүү «кыртышына»* ыңгайлаштырып, инно-вациялап колдонушу керек болуп жатат. Бизде азыркы учур менен шайкеш келүүчү өлкөнү өнүгүү багытына алып чыга турган тикелей кыргыз педаго-гикалык окуу процессине таандык окутуунун концепциясы болбогондуктан жана бул багытта аткарылуучу иштер толук иштелип чыга элек болгон соң, өнүккөн өлкөлөрдө колдонулуп жаткан окутуу формаларын, усулдарын жана ыктарын инновациялап пайдалануу милдети да турат.

Кыргыз тилин инновациялап окутуу багытына өткөрүүгө ыңгайлуу шарт түзүп жаткан

экинчи жагдай эл аралык долбоорлор же өнүккөн өлкөлөрдүн бейөкмөт уюмдары менен кызматташуу аркылуу окуу процессин жана окуу пландарын коомдук талаптарга карата жаңылоо, өзгөчө, кыргыз тилин окутууда социалдык талаптарды эске алуу менен ийкемдүү болуп эсептелинген жагдайларды, ык-жолдорду таап, зарылдыгы бар окутуу иштерине шайкеш келе турган формаларды инновациялап көрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүүдө [3]. Эгерде мурда окуу процесси администрация тарабынан толук көзөмөлгө алынып, жалпы мугалимдерге окутуу жолдору жогору жактан сунушталып, мугалим-дерге чыгармачылык менен иштөөгө анча шарт түзүлбөй келген болсо, дүйнөлүк билим берүү коомчулугу менен кызматташуу демилгечил мугалимдерге окуу планынан тартып, орто мектепте иш чараларды инно-вациялап көрүүгө, чыгармачылык менен бардык тарабынан иш алып барууга ыңгайлуу жана кеңири жол ачып берип отурат. Тактап айтканда, мурда мугалим окуу стандарты менен окуу программ-масына тикелей көз каранды болуп, канчалык чыгармачылык кылбасын, мугалимге изденүүгө, өзүнүн окуу-чулары менен тил табышып, алардын кызыкчылыгы аркылуу орто мектепте сабак өтүүгө ошол нормалар «бут тосуп» келген болсо, дүйнөлүк билим берүүдө кеңири колдонулуп жаткан *куррикулумга – жаңы окуу стандарттарына өтүү* ар бир мугалимдин чыгармачылык иштерине эркиндик берүү менен бирге, ар бир *окуучунун коомдук-социалдык кызыкчылыктарын эске алуу* аркылуу *инсан катары мамиле кылууга, инсанга багыттап билим жана тарбия берүүгө* мүмкүнчүлүк түзүүдө. Ал эми мындай көрүнүш бардык сабактардай кыргыз тили предметине да мүнөздүү болуп, ар бир класстын окуучулары үчүн инновациялык сабактарды уюштурууга жана ар бир сабактын окуу процессиндеги ордун аныктоого жана *сабактын ролун көтөрүүгө* мына ошол конкреттүү сабактын өзү аркылуу *жеке өздүк касиети бар жаранды* калыптандырууга зор маани берилип, заманбап кызыкчылыктардан келип чыккан билимди окуучуларга берүүнү милдеттендирүүдө. Экинчиден, учурда бардык орто мектептерде окуу системасы коомдук талаптарга жараша ийкемдүү өзгөрүүлөргө ээ болууга тийиш экендигин мектеп адми-нистрациясы да туура түшүнүүгө аракеттенип, ал эми мындай түшүнүүчүлүк менен сабакка мамиле кылууда чыгармачыл мугалимдерди ар бир сабакта изденүүгө шарт түзүү менен бирге инновациялоо иштеринин мазмунун «балдарга жакындатып», натыйжада, жаңыланып жаткан иш чараларды инсанга багыттап окутуу концепциясына негиздеп турушу зарыл экендигин айкындап көрсөтүүдө.

Коомчулуктун өзүндө жүрүп жаткан мындай процессти кыргыз тили мугалимдеринин жаңычыл мамилесин талап кылгандай эле чыгармачыл аракетин баары бир өзүнө тартып кетүүсүн эч бир мугалим тана албайт. Ошондуктан билим берүү тармак-тарында жүрүп жаткан жаңылануу процессин туура кабылдоо менен дүйнөлүк билим берүү тармактарында колдонулуп жаткан билим берүү технологиясын эл аралык долбоор-лордун негизинде пайдаланып көрүү, инновациялык жолдор менен окутуу иштерин уюштуруу аркылуу чыгар-мачыл изденүү менен жооп берүү, сунуш кылынып жаткан усулдарды, ыкмаларды толугу менен орто мектептин базасында эксмериментген өткөрүү, кайсы класстарда болбосун кыргыз тилин окутуу ыкмаларын, жолдорунун өзгөчөлүгүнө, формаларынын жаңы-лануусуна карата болгон керектөөлөрүн эске алуу менен алардын алган билимин өзү жашаган чөйрөдө кеңири колдоно алуусун башкы жетекчиликке алууну милдеттендирүүдө.

Реалдуу турмуштун өзү көрсөтүп тургандай эле өлкөнүн ар кандай аймактарында кыргыз тилине болгон кызыкчылыктары ар түрдүү. Ошон-дуктан кыргыз тили боюнча сабактарды инновациялоо сөзсүз мына ошондой коомчулук тарабынан козголуп жаткан маселелерге жооп берүүчү ийкемдүү жолду издөө менен катар ошол эле мезгилде учурдагы окуу планына шайкеш болууга тийиш көрүнүштөрдү ичине алуу менен бирге, окуу үчүн гана сунушталып жаткан азыркы мезгилдеги кыргыз тили боюнча сабактардын мазмуну аркылуу ал кыргыз жаштарынын коомдук керектөөдөгү кызыкчылыктарын эске алуу менен, кылымдап колдонулуп келген кыргыз

тилинин лексикалык байлыгын, аны колдонууда өтө зарыл болгон грамматикалык түзүлүшүн, көркөм-эстетикалык баалуулугун, сөздүн тике, өтмө, кыйыр, жана башка мани-лериндеги мазмундук жана образуу касиеттерин толугу менен окуучуларга жеткирүүнү көздөп, аны чечүүгө тийиш болгон инновациялык ой жүгүртүүгө негизделген иштерди талап кылууда. Ал, өз кезегинде, кыргыз тили адамдардын өз ара пикирлешүүсүндө өзүнүн ажарына келип, социалдык мами-лелешүүдө маданий-этикалык кызыкчы-лыктарды да аткарып бере ала турган гана окутуунун формаларына негиз-делишине көз каранды болот да, муну менен чектелип калбастан, алардын маанилүү *жол-жобосун ишке ашыруучу бир бүтүн концепциясы* болуп да эсептелет. Мына ошондо кийинки муундун өкүлдөрү ата-бабасы колдонуп келген ар бир сөздүн маанисин жоготпой, кемитпей колдоно алышын өз милдети катары санаган *инновациялык сабак* ар бир окуучунун турмушка жакын жана мекенчил болуп тарбияланышына карай билим алуусун шарттап турган милдеттердин аткары-шына маанилүү роль ойноочу маселелерди чечкен болот.

Кыргыз тили боюнча сабактарды инновациялоонун жаңы милдеттери эмне экендиги айкындалуу менен, бул кыргыз тили кыргыздар үчүн гана өз ара пикирлешүүнүн тили болбостон, ал Кыргызстандагы бардык улуттардын өз ара мамилелешүүсүндөгү негизги тилге айланышына шарт түзө ала турган маселелерди чечүүгө көмөктөшөт да, кыргыз тилин окутууга карата жаңыча мамиле кылуунун негизги крите-рийлерин ачып көрсөтөт. Тактап айтканда, мындай мамиле кыргыз тилин окутуу иштери менен чектелбестен, анда маанилүү болгон байланыш тили катары өзүнүн социалдык чөйрөсүн кеңейтүү менен жалпы элдик колдонууга өтүүсүнө зарыл болуп турган проблемаларды аткаруусун ишке ашыра алат. Азыркы глобалдашуу процесси тилдердин жакындашуусун ушунчалык тездик менен жүргүзүп жаткандыгына байла-ныштуу кыргыз тили да өнүккөн өлкөлөрдө сунушталган инновациялык сабактарды өзүнө пайдалануу менен кыргыз тилин окутууда тилди үйрөнүүгө жана колдонууга зарыл болгон эл аралык талаптарды өздөштүрүү аркылуу улут аралык (англис, немис, франк, ж. б.) тилдер менен жакындаштыруу милдетин аткарууга мүмкүн болгон түшүнүктөрдү, сабактарды инновациялоо жолу менен чечүүгө боло ала тургандыгы байкалууда.

Дүйнө жүзүндө болуп жаткан билим берүүнүн интеграциясы Кыргыз-станга келип кирди десек, анда ал түшүнүктү кабыл алуу кыргыз тилин окутууну дагы инновациялоо керектиги менен коштолуп, ал аркылуу окуу процессин жаңыга которуу жолу менен аткаруу милдеттеринин бири болуп саналат. Эгерде аны мындай иннова-цияны кабыл алуу аркылуу ишке ашыруу туура деп аныктаган мугалим болсо, анда мындай көрүнүштү кыргыз тили сабагына пайдалануу азыркы мезгилдеги окуучулардын керектөөсүн эсепке алгандык экендиги көрүнөт, б,а., кыргыз тилин инновациялап окутуунун зарылдыгы жөн эле пайда боло калган жок. Ал эми анын себептерин аныктоого аракет кылсак, кыргыз тилин окутууда дүйнөлүк билим берүүнүн алкагында өнүккөн өлкөлөрдүн тил үйрөтүүнүн чегиндеги жетишкен ийгиликтерди багындырмайын, азыркы учурда жаштарга толук жана жеткиликтүү билим берүүсү мүмкүн эместиги аныкталды. Анткени дүйнөлүк гло-балдашуу кыргыз тили боюнча билимди дүйнөлүк билим берүүнүн деңгээлине чыгармайын, ал аркылуу аткарыла турган иш чаралар жаш муундардын коомдук-социалдык керектөөсүн канааттандыра албастыгын көрсөтүп жатат.

Бүгүнкү күндө билим алуу адам баласынын жашоо турмушунун эң зарыл керектөөлөрүнүн бирине айланган-дыктан, кыргыз тили боюнча билим берүү инсандын өз өмүрүнүн агымында активдүү аракетке келген, жашоо үчүн зарыл жана жетиштүү билимдерди, ал аркылуу жүрүм-турумдарды, көндүм-дөрдү өздөштүрүү процессине айла-нышы керек болууда. Инновация боюнча бул багыттагы башкы милдет - кыргыз тили сабактарына мазмундук жактан жаңылоонун, турмуштун ыргагына жараша модернизациялоонун зарыл-дыгы. Мында окутууну инновациялоо кыргыз тили боюнча сабактардын пландарын кайра иштеп чыгуу, билим берүүнүн мазмунун өркүндөтүү,

азыркы мезгилдеги улуттук жана эл аралык талаптарга жооп бере ала тургандай абалга жеткирүү кызыкчылыгы менен гана чектелбестен, кыргыз тилинде пикирлешүүнү жалпы адамзаттык маданий-этикалык деңгээлге жеткирүүгө багыт алган эне тилин колдонуу милдетин арттыруу талабы менен да каралууда. Тактап айтканда, жаңы муундун балдары окуу процессине жөн гана катышуучу болбостон, практикалык жактан турмуш менен тыгыз байланышта турган көндүмдөргө ээ болуп, эне тили катары кыргыз тилинде эркин баарлашууга зарыл болгон маселелерди өз алдынча чечүүгө жетише алуучу билимдерге ээ кылуучу окуу процессинин ээси болууга тийиш.

Анда окутуунун технологиясын жаңылоо, окуу предметтери боюнча сабак берүүнү азыркы учурдун талабына ылайык келтирүү, кыргыз тилин окуучулардын бардык муктаждыктарына кызмат кыла ала тургандай жана өсүү багытында бардык кызыкчылыктарын толугу менен аткара алгыдай абалга жеткирүү керектиги да көрүнүүдө. Ал жерде окуу жана окутуу процесси менен катар окуучулардын билимин баалоо критерийлерин дагы көп жактан кайра карап чыгуу зарылдыгы байкалууда. Бул милдеттердин баары орто мектептеги билим берүү иштеринен башталууга тийиш болсо, сунушталып жаткан билим берүү жолдорун инновациялоо - бул учурда көтөрүлүп жаткан бардык проблемаларды дал ушул жаңычыл мүнөзгө ээ сабак аркылуу чечүү керектигин айкындоодо. Кыргыз тили боюнча предметтик билим берүү жалпы билим берүүнүн бөлүгү болуп саналганы менен, кыргыз тилин инновациялап окутуунун өзүнө гана таандык спецификалык принциптерине негиз-делет. **Алар төмөнкүлөр:**

1. *Кыргыз тили боюнча окутууну инновациялоо предметтик маалымат берүүнү гана көздөбөстөн, эффективдүү пикирлешүүнү аткарууга тийиш. Окуучу мында берилип жаткан сөз жана сүйлөмдүн эрежелерин жөн эле кайталатып коюуну эмес, ошол алган билими аркылуу кыргыз тилинде так жана таасирдүү сүйлөөсүнө жетишүү да болуп саналат. Анда реалдуу турмушта кездешип жаткан ар кандай кырдаалда туура сүйлөөгө, маданияттуу маектешүүгө зарыл болгон көндүмдөрдү калыптандырууну да максат кылууга тийиш;*
2. *Азыркы учур кыргыз тилин үйрөтүүгө карата жаңыча мамилени талап кылат. Анда реалдуу турмуштун мүмкүнчүлүгүндө жана керектөөсүндө турган адамдардын өз ара байла-нышуусундагы бүтүн система жатат. Тактап айтканда, тил бул белгилүү бир гана сөз түркүмдөрдүн жыйындысы эмес, ал кыргыз тилинде пикирлешип жаткан адамдардын ошол тилде айтылган бардык кепти туура жана жеткиликтүү түшүнүп кабылдоосун да камсыз кылууга милдеттүү байланыш куралы болуп саналат. Ошондуктан тилдин негизги грамматикалык түзү-лүшү – сөз, сүйлөм, же лексика, морфология, синтаксис – толугу менен өз ара пикирлешүүгө коммуникациянын предмети катары кириши керек. Ошондой эле мында айтуу, угуу, окуу, жазуу ж. б. өз ара тыгыз байланышта туруп, кыргыз тилинин пикирлешүүдөгү негизги кызматын аткаруусу зарыл.*
3. *Кыргыз тилин орто мектепте окуу предметтеринин бири катары гана кабыл албастан, ал окуучулардын өз чөйрөсүн таанып билүүдө жана ал оюн башкаларга жеткирүүдө маанилүү курал экендигин түшүндүрүп берүүгө тийиш. Кыргыз тилин инновациялап окутуу аркылуу пикирлешүүнүн социалдык көндүм-дөрүнө калыптандыруу милдети да турат. Ал өзүнө кыргыз тилин таанып-билүү менен бирге анын орду класста өтүлүп жаткан предмет менен чектелбестигин, ошол тилде билим берүүнүн негизги булагы болуп санала тургандыгын да окуучуларга жеткирүүнү милдеттенүүгө тийиш.*
4. *Кыргыз тили сабакта-рында ар бир балага өз алдынча мамиле кылууну, өзгөчө, алардын жеке кызыкчылыктары менен бирге үйрөтүү жолдорун, ыкмаларын аныктайт. Мында билим берүүнүн инсанга карата мамилеси башкы орунга чыгат да, тилди үйрөнүүдө анын өзгөчөлүгүн, маанилик касиетин таанып билүүдө ар бир баланын жан дүйнөсүндөгү айырмачылыктары эске алынуу менен уюштурулган сабактар аркылуу ишке ашырууга милдеттүү.*

*5. Кыргыз тили сабактары окуучуларды туура ойлонууга үйрөтүүнү максат кылат. Анда кыргыз тилинде пикирлешүүдө ар бир айтылган сөз же сүйлөм кандай мааниде айтылганын, өзгөчө, ал жердеги ой кыйыр, өтмө же каймана мааниде экендигин окуучу аныктап билүүсүнө чейинки окуу процессин ичине алуу багытын көздөйт. Сөздүн мааниси подтекстке да айланып, ал жерде сөздүн көркөмдүгү, эстетикалуулугу, образдуулугу, жагым-дуулугу сыяктуу касиеттер да окуучулар тарабынан туура кабылданышы окуу процессиндеги негизги аракеттерди түзүүгө тийиш.*

*6. Кыргыз тилин учурда окутууда буга чейин анча маани берилбей келген көрүнүштөр бар. Алардын башкысы кыргыз тилиндеги негизги тексттер буга чейики сабактарда кездешкендей предметтеги билимдик көндүмдөрдү калыптандыруу менен чектелбестен, ар бир сабактын мазмунунда реалдуу турмуш менен катышта турган бүтүн бир элдин маданиятын үйрөнүүсү зарыл. Турмуш-тиричиликте ошол эл аныктаган жакшы менен жаман касиеттерди ажырата алуучу билим жана тарбияга жетишүүсү керек болуп турат.*

*7. Кыргыз тилин окуу эне тилинде кездешкен сөздү, ал аркылуу куралган сүйлөмдүн түзүлүшүн гана грамматикалык жактан жаттап үйрөнүү эмес. Өтүлгөн ар бир сабак балдарга ошол окуп жаткан тилдин ички сырын, көркөмдүк касиетин, сөз баалоо чеберчилигин, маанисин ача түшүнүп, тилдин көркөмдүгүнө, сөздүн элестүүлүгүнө суктана алгыдай кызыктуу сабакты тартуулоосу шарт. Ырас, бул сабакта буга чейинки сабактардан айырмаланып, инсанга багытталган билимди берүү зарылдыгы турат.*

*8. Кыргыз тили сабагы мугалимден эле эмес, ар бир окуучудан чыгармачылык эркиндикти талап кылат. Эгерде аталган сабактарда ар бир окуучу өз чыгармачылыгына жетише алса, анда тилдеги сөздөр тике мааниси менен гана чектелип калбастан, көркөм элестүүлүгү артып, окуучунун тил үйрөнүүгө болгон кызыкчылыгын арттырат. Демек, инновациялык чыгармачылык кыргыз тили сабактарында мугалимге эле таандык болбостон, ар бир окуучуга да тийиштүү болуп саналат. Эгерде окуучу тилдин маанисин терең үйрөнүүсү керек болсо, анда ага өз алдынча иштегенге шарт түзүп, ар бир бала өз оюн жеткиликтүү айтып берүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн экиден иштөө, майда топто иштөө жана өз алдынча иштөө сыяктуу иш чараларды колдонуу зарылдыгы турат.*

*9. Ар бир сабактагы чыгармачылык окуучулар үчүн кадимки көндүмгө айланышына жетишүү кыргыз тили боюнча сабактардын негизги стратегиясы болууга тийиш. Анда окуучулар жөн гана каалаганын аткара бере тургандай эмес өз билимин, өздөштүргөнүн чыгармачылык менен турмуш-тиричиликте пайдалана алуу-сун шарттоо ар бир сабактын ык-формаларын түзүүсү зарыл. Ар бир сүйлөмдүн мазмунундагы элестүүлүк адабий чыгармадагы образдуулук менен бирге окуучунун жан дүйнөсүндө көркөмдүктү баалай билүү касиетин өстүрүү менен турмуш чындыгындагы көрүнүштөрдү туура баамдоого, бири-бирин салыштыра билүүгө, анын натыйжасында чындыкты ажырата алууга, жакшы менен жамандын ортосун айырмалап түшүнүүгө жетишүү милдети ар бир окуучуга чыгармачыл мамиле кылууну шарттаганы турат.*

*10. Учурда буга чейин колдонулуп келген билим берүүдөй эмес, окутуунун стратегиясы окутулуп жаткан предметтен эмне натыйжа ала тургандыгын окуучуга ачык көрсөтө алгандыгы менен айырмаланат. Эгерде окуучу кыргыз тили предметинен өз турмушуна реалдуу таасир эте алган билимдин негиздерине жетише албаса, анда предметтик сабак берүүнүн стратегиясы туура эмес экендиги аныкталат. Билим берүү системасын окуучунун турмушу менен тыгыз байланышта кароо азыркы мезгилде дүйнөлүк билим берүүдө башкы орунда турат. Ырас, мындай мамиле билим алууга болгон талапты гана көтөрбөстөн, окутула турган бардык предметти биргелештирип, билим*

*берүү процессин бүтүн бир пайдалуу система катары кабылдоого шарт түзгөндүгү менен айырмаланат.*

Ал эми мындай талаптар ар бир мугалимдин ишке карата активдүү катышууга шарт түзүп берет. Мында мугалимдин ар бир окуучуга карата чыгармачыл мамилесин гана көрсөт-пөстөн, окуучунун эмгегин баалоодо инсанга карап мамиле кылууну шарттоо милдети турат.

**Адабияттар:**

1. Чыманов Ж.А**.** Кыргыз тили мугалимдерин (педагогдорду) даярдоого коюлган соңку талаптар.// Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Серия 1. Гуманитардык илимдер. - Б., 2006. 167-172-беттер

2. Бекбоев И. Жаңы муундагы келечек мектептин базалык мүнөз-дөмөлөрү. // Эл агартуу, 1999, № 3-4. – 3-15-бетте; Бекбоев И**.** Инсанга багыттап окутуу сабагынын негизги идеясы эмнеде? // Кут билим, 2002, 11-декабрь.

3. Байгазиев С**.** Окутуунун интерак-тивдүү методу. - Бишкек, 2004. - 7-14 беттер.